УДК: 316.722
Турсунова А.Т.
*Талас мамлекеттик университети*

# САБЫРДУУ ИЛИМ-БИЛИМДИН ЧОКУСУ

Илим-билим адамга, улутка кут алып келе турган улуу мүлк. Ошондуктан илим-билимди кут деп атап, калктын илим - билимдүүлүгүн кут соолук деп түшүнсөк оң болоор. Адам жашоосундагы илим - билимдин ролуна калк акылмандыгы илгертен терең баа бере келген. «Билим адамдын канаты», «Билимдүүгө дуйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы», «Билими күчтүү минди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат», «Илим - окуу булагы, билим - өмүр чырагы», «Билимдүү болсоң озоорсун, билимсиз болсон тозоорсуң», «Билими бар ар балаадан кутулат, билими жок миң балаага тутулат», «Акыл - денизден терең, билим тоодон бийик», - деген өндүү маңызы терең макалдар багыт көрсөткөн баа жеткис нарктар.

Билим берүү деген адамга жалаң эле маалымат берүү, аны адистикке, кесипке, ремеслого үйрөтүү эмес. Билим берүүгө кеңири планда кароо керек. Бүгүнкү билим берүүнүн дүйнөлүк философиясы билим берүүгө адамзаттын прогрессивдүү гуманисттик идеалдарынын туусу астында социумду маданий, рухий, нравалык, экономикалык жактан, кесиитик профессионализм жактан өркүндөтүүнүн куралы, жаны этиканы, жаңы менталитетти калыптандыруунун, коомдун ичинде биримдикти жана гармонияны орнотуунун, экологиялык кыяматты жана духовный деградацияны, адамдык ыймандык асыл нарктардын деформациясын токтотуунун, дүйнө калктарынын арасында духовный интеграциянын көпүрөсүн салуунун кудуреттүү, таасирдүү аспабы катары чоң масштаб менен карап отурат.

Чындыгында эле, улуттун билим берүү доктринасы жана концепциясы, программасы ушундай кенири коз караштык позицияга жана философияга негизделип курулганы ылайык. Кыргызстандын билим берүүсу улуттун ден-соолугун, жер соолугун, боз соолугун, дил соолугун, тил соолугун, ак жоолугун, дос соолугун, салт соолугун, ой соолугун оңдоонун, чыңдоонун, өркүндөтүүнүн инструменти катары түзүлүүгө жана аракеттенүүгө тийиш. Эгемендүү республикабыздын билим берүү стратегиясынын баалулугу ушунда.

Билим берүүгө мындай чоң маани берүүнүн өзүнчө сыры бар. Ар кандай коом индивидуумдан, личносттон сырткары өзүнчө өркүндөй албайт. Коомдун прогресси инсандын кесиптик, маданий, рухий, нравалык ички өркүндөөсү аркылуу өтөт. Ал эми инсандын ушундай өркүндөөсү окутуунун жана тарбиялоонун биримдмги эрежесин, өнүктүрүү принцибин туу туткан билим берүүнүн негизги максаты жана обьектиси эмеспи. Бала бакчада, мектепте, лицей гимназиялар,училишалар, колледждер, жогорку окуу жайлары аркылуу ич жактан агарган, маданиятташкан, цивилизациялашкан, адистешкен, дил соолугу чын адам - коомдун ар кандай терс илдеттерден арылышынын, акырындап тазаланышынын, асылданышынын гаранты. Инсан жаратуу билим берүүнүн башкы мүдөөсү болууга тийиш. Ушул өнүттөн караганда, мектептеги жана ЖОЖдогу мугалим педагог бул жөнөкөй гана сабак берүүчү, кесипке үйрөтүүчү предметник, ремесленник, педагогигалык прогресстеги аткаруучу функционер эмес, ал тарых, коом менен баланын ортосундагы байланыштыруучу көпүрө, мезгилдердин жана муундардын ортосундагы өтмө катыштыкты камсыз кылуучу, жаш адамдын дене саламатчылыгы, духовный жана интеллектуалдык ден соолугу,

кесиптик адистиги үчүн жооп берүүчү рухий жетекчи, ойчул даанышман, В.Г.Белинский айткандай, бүтүндөй коомдун гувернеру. Коомдо мугалимдин статусу өтө бийик болуш керек.

Биздин мамлекеттин башында илим-билимдин маанисине терең түшүнгөн адамдын турушу республиканын кут соолугуна өзүнүн ургаалдуу шарапатын тийгизүүдө. Билим берүүгө маалыматтык технологиянын кылымында Кыргызстанды дүйнөлүк көчкө татыктуу кошо турган күчтүү курал жана жогорку дөөлөт катары маани берилүүдө. «XXI кылымдын кадрлары» президенттик программа, билим берүүнүн доктринасы, концепциясы, программасы кабыл алынды булар билим берүүнүн философиясына ылайык дагы өркүндөтүлмөк. Мыйзамдык база түзүлүүдө. Билим берүү бүткүл коомду кучагына алды. Кыргызстанды туташ компьютерлештирүү багыт алынып, таланттуу жаштарга кам көрүлүп жатат. Эгерде Япония орусча айтканда, «страна восходяүего солнца» болсо, биздин өлкө кийинки убактарда «страна восходяүего образования» болуп калды. Кыргызстандын билим берүүсү бүгүнкү күндө Наполеондун сөзү менен айтканда, «алтын жумуртка тууй турган мекиян» болуп эсептелет.

Бирок билим беруудо ийгиликтер менен катар көйгөйлүү проблемалар, чечилбеген маселелер, кемчиликтер да жетишээрлик. Мектептгердин, окуу жайларынын окуу-материалдык базасы тартыш, элетте китепканалар китепке, газета-журналдарга суусап турат. ЖОЖдордо коррупция жана протекция күнүн жашап бүтө элек. Билим берүү мекемелеринде халтура али арбын. Алардын аудиторияларынан билимдүүлөр менен бирге чала «молдолор» жана интеллектуалдык майыптар, кесиптик дилетанттар да турмушка путевка алууда. Мындай негативдүү көрүнүштөрдүн өзү билим берүү системасын чет өлкөлөрдүн моделинен алып, «жаркыраган» программаларды түзүп койгондук жагынан гана карап баалабастан, ошол билим берүү реалдуу процесс катары кандайча өтүп жаткандыгы жана кандай сапаттык натыйжа берип жаткандыгы да принципиалдуу баалоо керектигин канкуулап турат.

Илимий-техникалык прогресстин заманында дүйнөнүн мектептеринде жана жогорку окуу жайларында, бүгүнкү күндө бир начар тенденция пайда болду. Бул - билим берүүнүн утилитардык, прагматикалык мүнөзү. Жаш адам кандай адис болот, конкуренцияга жөндөмдүү боло алабыз. Өндүрүштө өзүнүн профессионалдык функциясын жана социалдык ролун кантип аткарат, ийгиликке кантип жетиши керек, кантип машинаны башкарат, өзүнун экономикалык-финансалык жыргалчылыгын кантип камсыз кылат, өзүнө материалдык комфортту кантип түзөт? Окуу жайлар мына ушул маселе менен көбурөөк алек. Бир сөз менен айтканда, технократизм өзүнө кеңири жол салууда.

Мындай тенденциядан Кыргызстандын окутуу системасы да оолак эмес. ЖОЖдун белгилүү жетекчи илимпоз-адистеринин бири төмөндөгүдөй деп жазып отурат: «Философтор, тарыхчылар, филологдор, географтар жана ушуга окшогондор коомго керек денизчи, бирок алар бизди кийиндирбейт, ичиндирбейт, калкка керектүү материалдык байлыктарды өндүрбөйт. Мамлекеттин жүзүн техника жана жаңы технология аныктайт» «Слово Кыргызстана» 5.06.2000.

Мындай ой жүгүртүү билим берүүнү кууш түшүнүүнүн кашкайган үлгүсү. Билим беруүүнү адисти даярдоо маселеси менен гана чектоо тарчылыгы. Эгерде ушинтип ой жүгүрткөн адам министрликтин башына келсе, ал философияны, тарыхты, адабиятты, географияны, кыскасы, «продукция өндүрүүгө» түздөн түз катышы жок гуманитардык предметтерди окутууну эч убакта олуттуу иш деп

эсептемек эмес. А чындыгында, техника жана технология маанилүү болсо да, коомдун жүзүн аныктабайт. Техника бар болгону курал, каражат. Коомдун жүзүн адам аныктайт. Ошон үчүн жогоруда личностту, адамды жаратуу, жаңы этиканы, жаңы менталдуулукту түзүү - билим берүүнүн мүдөөсү деп дүйнөлүк педагогикалык философия сүйлөп турбайбы.Турмуш көрсөтүп жатат, билимдүүлүк жогорку даражадагы адистик, профессионализм адамды адам катары мүнөздөөдө жетишсиздик кылат. «Вечерний Бишкек» менен «Дело» гезитинин беттеринен канчалаган билимдүү ууруларды, киши өлтүргүчтөрдү, акмакчылык иштерди жасаган дипломдууларды, айбандык жорук-жосундарды иштеген адистерди окуп, күбө болуп жатабыз. Демек, билимдүү болуу, дипломго ээ болуу деген - бул автоматтык түрдө адам болуп калды деген сөз эмес.

Макул, киши өз бетинче мыкты адис болсун, модалуу кесиптин ээси болсун, мейли генетик, кибернетик, космонавт болсун, мейли, жапжаш илимдин доктору болсун, мейли, компьютердин тилин беш колундай билген шумдук киши болсун, эгерде анын илим-билимдүүлүгү, профессионализми аруу адамдык касиеттер, татынакай этика, ички руханий маданият, гуманизм менен жуурулушпаган болсо, анда ал бар болгону, билимдүү социалдык макулук. Ошон үчүн кыргыздын элдик макалы «Билимдүү болуш оңой, адам болуш кыйын», «Адептүүлүк - адамдын көркү»,- деп бекеринен сүйлоп турбаса керек. Кезегинде жалаң билим, адистик эле бардыгын кереметтүү түрдө чечип жибербестигине көзү жетип, орустун улуу сынчысы Г.В.Белинский да моминтип тынчсызданган: «Шашпай тургула, бизде да чоң чоюн жолдор болот, а түгүл аба почтасы да болоор. Фабрикаларыбызда мануфактуралар өркүндөп-өсөөр. Бирок бизде тунук адептүүлүк болоор бекен. Ооба, уста болобуз, слесарь болобуз, фабрикант болобуз. А өзүбүз адам бойдон калаар бекенбиз».

Билим берүү математикти гана эмес математик - адамды, инженерди эле эмес, инженер - адамды, билимдүүнү гана эмес, билимдүү адамды калыптандырып чыгарууга тийиш.

Ал эми адам - адисти калыптандыруу, кесип менен рухтун синтезин түзүү улуттук казынадагы этномаданий нарктарды жана жалпы адамзаттын арсеналындагы орток маданиятты жан дүйнөгө сиңирүүсү мүмкүн эмес. Демек, билим берүү системасынын девизи «Маданият аркылуу билим берүү» (образование через культуру) деген акыл даанышмандыгы болгондугу мүдөөгө ылайык келет. Суроо туулат. Маданият аркылуу билим берүү философиясы жана анын практикасы барбы бизде? Чынын айтыш керек, билим берүү теориябыз жана практикабыз ушул жагынан олуттуу түрдө мүчүп келет. Көбөйтпөй, бир эле чымчым фактыны келтирип өтөлү. Борбор шаарыбыздагы ири окуу жайларында иш кагаздары негизинен орус тилинде жүрүп, улуттун ыйык наркы -мамлекеттик тилдин экинчи планга сүрүлүп калгандыгы, көптөгөн факультеттерде улуу жети осуятты камтыган калк сыймыгы «Манастын» окутулбагандыгы эле көп нерсени айтып турат.

Билим берүү системасы кальптандырып турган адистин личностунун структурасы үч башталманын - адистик профессионализмдин, этномаданияттын, жалпы адамзаттык рухий нарктардын элементтерииин широосунон, синтезинен бүткөнү оң. Ушундай синтезге, ушундай гармонияга адамдын ички рухий дүйнөсүн калыптандырууга түздөн-түз тиешеси бар предметтердин - тилдин,

адабияттын, тарыхтын, педагогика жана психологиянын, маданияттын, этиканын, дин таануунун, эстетиканын, сүрөттүн, музыканын, экологиянын, укуктаанунун ж.б. мазмунун түп тамырынан жаңылоо жана адамдарды окуу жайларында окутууну сапаттык жаңы денгээлге көтөрүү, билим берүү процессии гумандаштырууга жана гуманитарлаштырууга терең конструктивдик мүнөз берүү көмөкчү болмок.

Азыркы учурда дүйнөнүн өлкөлөрүндө илим-билим берүү өнүгүүнүн локомотиви катары гана эмес, мамлекеттнн улуттук коопсуздугунун фактору, гаранты катары да каралып жатат. Биз буга муну кошумчалагыбыз келет. Билим берүү өзүнүн уясынан гражданин-патриотту калыптандырып чыгара алса гана улуттук коопсуздуктун гаранты катары чыга алат. Билимдүү маңкурт эч убакта өз Ата журтунун ишенимдүү тиреги боло албас.

Кыскасы, билим берүүнүн теориясына жана практикасына жаңыча кароо, реформага жаны сапат берүү, агартуу, илим-билим көчүнүн оогон жүгүн оңдоо, жаңы иш чаралардын комплекси аркылуу окутуу, тарбиялоо ишине жаңы импульс берүү күн тартибиндеги маселе. Дуйнөлүк цивизациянын аркасында калган кечээки көчмөндүк-патриархалдык, бүгүнкү жаш демократиялык Кыргызстан үчүн билим берүү эки эселенген өзгөчө мааниге ээ. Экс-президент А.Акаев айткандай, адамзаттын зуулдап кетип бараткан дүйнөлүк поездине билим берүү аркылуу гана отурмакчыбыз. Билим берүү, илим - билим биздин улуттук идеологиябыз, сыйынган динибиз болуп калууга тийиш.

Кут соолугубуз чын, болсун!

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. − Бишкек, 2008.
2. Алиева А. Информациялык-методикалык материалдар. - Бишкек: Илим, 1996.